| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**Жалал-Абад облусу**<br>**Сузак району**<br>**Барпы айыл аймагынын**<br>**айыл өкмөтү** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**Жалал-Абадская область**<br>**Сузакский район**<br>**Айыл окмоту Барпынского**<br>**айылного аймака** |

# Буйрук
# Приказ

"07" 08 2024-ж №165

Комсомол айылы

## 2025-2030-жылдарга Барпы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн аймагында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 15-июлундагы №302 Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы ПЖ № 137 "2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия женундо" Жарлыгынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын 2024-жылдын 24-июлундагы № 173-б буйругунун жана Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын 31.07.2024-жылдагы №236-б сандуу буйругунун негизинде Барпы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн аймагында коррупцияга каршы аракеттенүүнү күчөтүү,айыл өкмөтү тарабынан коррупциянын алдын алуу натыйжалуу механизмдерин колдонуу, коррупцияга каршы мыйзамдарды өркүндөтүү, ошондой эле Кыргыз Республикасында коррупцияны минималдаштыруу боюнча туруктуу натыйжаларга жетүүгө багытталган чаралардын комплексин системалуу негизде ишке ашыруу максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-понундагы ПЖ № 137 Жарлыгы менен бекитилген 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга карты аракеттенуу боюнча мамлекеттик стратегиясы кынтыксыз аткарууга алынсын.
2. 2025-2030-жылдарга Барпы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн аймагында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу жөнүндө иш-чаралардын планы 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Барпы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн кызматкерлери аймагындагы мекеме ишкана жана билим берүү мекемелеринин жетекчилери:

- 2025-2030-жылдарга Барпы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн аймагында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу жөнүндө иш-чаралардын планын аткарууга алышсын;

- 2025-2030- жылдарга Барпы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн аймагында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-чаранын пландарынын аткарылышы тууралуу Сузак райондук мамлекеттик администрациясына 2025-жылдан тартып ар квартал сайын, отчеттук мезгилдин 1-күнүнөн кечиктирбей маалымат берип турушсун.

4. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Барпы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Т.Шавданбековго жүктөлсүн.

**Башчы** **И.Маматсабиров**

Барпы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн
2024-жылдын 7-августундагы №165
буйругуна тиркеме 1

# 2025-2030-жылдарга Барпы айыл өкмөтүнүн аймагында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу жөнүндө ИШ-ЧАРАЛАР ПЛАНЫ

## (2025-2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилинде I этап үчүн)

**1-глава. Соцналдык чөйрөнүн жана экономиканын тармактарында жараидардын мамлекеттик бийилк органдары менен өз ара аракеттенүүсүндө коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алуу**

| № | Милдеттер | Иш-чаралар | Ишке ашыруу мөөноту,жоопту у аткаруучулар | Күтүлүүчү натыйжалар | | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| 1. | Социалдык чөйрөнүн жана экономиканын тармактарында жараидардын мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара аракеттенүүсүндө коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу | 1. Бийлик органдарынын жарандар жана жеке сектор менен өз ара аракеттенүү процесстерин автоматташтырууга багытталган ченемдик укуктук актыларга талдоо жүргүзүү, жол-жоболордун жана чечимдерди кабыл алуу процесстеринин айкындуулугун жана ачыктыгын камсыз кылуу, коомдун маалымдуулугун жогорулатуу<br>2. "Тундук" ведомстволор аралык электрондук өз ара | 2025-жыл ФЭБ,Соц.болумдору,юрист,коррупциянын алдын алуу боюнча комиссия,айыл башчылар | Жол-жоболордун айкындуугун жана ачыктыгын камсыз кылууга, санариптештирүү фонунда талап кылынган документтердин тизмесин кыскартууга багытталган ченемдик укуктук актылар кабыл алынды | | Мүмкүнчүлүгүнө жараша |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | аракеттенүү системасы (ВЭӨС) аркылуу алууга мүмкүн болгон кызматтарды көрсөтүүдө жеке жана юридикалык жактардан талап кылынган документтердин (маалымкаттардын. маалыматтардын ж.б.) тизмесин кыскартуу боюнча чараларды көрүү | | | | |
| **2-глава. Мамлекеттик каражаттарды башкаруу, финансылык контролдоо систсмаларын жаиа сатын алуу жол-жоболоруи өркүндөтүү** | | | | | | |
| 1. | Бюджеттик процессгердин ачык-айкындуулугун жогорулатуу, контролдоо системасын өркүндөтүү жана финансылык тартипти бекемдөө | Төмөндогүлөргө багытталган бюджеттик укуктук мамилелер чөйрөсүндөгү укуктук актыларды колдонууга талдоо жүргүзүү:<br>- кирешелерди. бюджеттик бөлүнгөн каражаттарды түзүлүп, мамлекеттик долбоорлорду ишке ашыруунун, салык жеңилдиктерин берүүнүн, мамлекеттик (муниципалдык) менчик объекттердин менчиктештирүү процесстерин ишке ашыруунун мыйзамдуулугун жана толукгугун камсыз кылуу;<br>- бюджеттик документтерди | 2025-жылдын II жарым Жылдыгы ФЭБ,Соц.болумдору,юрист,корупсиянын алдын алуу боюнча комиссия,айыл башчылар | Аналитикалык маалымат түзүлдү | | Мүмкүнчүлүгүнө жараша |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | жарыялоо аркылуу бюджеттин ачык-айкындуулугун жогорулатуу боюнча чараларды көрүү. бюджеттик каражаттардын чыгымдалышын контролдоо жана көзөмөлдөө механизмдерин бекемдөө. бюджетник процесстерге жарандык коомду тартуу, жаңы санариптик технологияларды пайдаланууда жарандардын маалымдуулугун жогорулатуу | | | | |
| **3-глава. Санариптештирүү процесстерин өнүктүрүү жана азыркы этапта корупцияга каршы күрөшүүнүн натыйжалуу чараларынын бири катары мамлекеттик жана муниципиалдык түзүмдөрдүн ишине маалыматтык технологияларды киргизүү** | | | | | | |
| 1. | Жук ташууларды контролдоо боюнча системаны ишке киргизуу | Төмөнкүлөрдү камтыган жүк ташууларды контролдоо боюнча автоматташтырыган маалыматтык системаны (АМС) иштеп чыгуу:<br>салмак габариттик контролдоонун автоматташтырылган системасын ишке киргизүү;<br>- жүктүн абалын жана жайгашкан жерин белгилөө үчүн электрондук документ жүргүзүү системасы, транспорттук-логистикалык кубаттуулуктарды резервдөө; электрондук товар | 2025жыл ФЭБ,Соц.болуму юрист,корупциян ын алдын алуу боюнча комиссия айыл башчылар | Жук ташууларды контролдоо боюнча АМС иштөөдө | | Мүмкүнчүлүгүнө жараша |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | коштоочу документтерди онлайн берүү | | | | |
| 2. | Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү. административдик жол-жоболорду санариптештирүү | 1. Лицензияларды жана уруксаттарды берүүнү кошкондо, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүнү Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы аркылуу электрондук санариптик форматка өткөрүүнү жана "Тундук" ЭВ0С аркылуу мамлекеттик (муниципалдык) органдардын санариптик өз ара аракеттенүүсүн камсыздоо, административдик жол-жобону жүргүзүү процессинде санариптик технологияларды колдоиуу, экономиканын бардык тармактарында АМСти ишке киргизүү, башка АМСтер менен интеграциялоо | 2025-2026-жылдар Корупциянын алдын алуу боюнча комиссия,ФЭБ соц.болум,юрист айыл башчылар | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар калкка электрондук-санариптик форматта көрсөтүлүүдө, коррупциялык тобокелдиктер минималдаштырылды | | Мүмкүнчүлүгүнө жараша |
| | | 2. Жергиликтүү өз алдынча баш каруу органдарында жерди пайдалануу боюнча иштин санариптик эсебин. ошондой эле айыл чарба багытындагы жерлердин санаритик реестрин түзүү | 2025-2026-жылдар Корупциянын алдын алуу боюнча комиссия ФЭБ,юрис,жер адистери,айыл башчылар | Жерди пайдалануунун натыйжалуулугун жана ачык-айкындуулугун олуттуу жогорулатууну камсыздоочу жерге | | Мүмкүнчүлүгүнө жараша |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | санаритик технологиялары ишке киргизилди | | |
| ў | Жарандардын маалыматка жетүү мүмкүндүгүн камсыз кылуу | ]. Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ0 расмий сайттарында алардын иши жөнүндө, коррупцияны алдын алуу боюнча жүргүзүлүи жаткан иштер жөнүндө маалыматтарды мезгил-мезгили менен жарыялоо. Мобилдик тиркемелер иштөө боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.<br>Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын жана жер| иликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иши жөнүндө актуалдуу материалдардын чагылдыруу | 2025-2027-жылдар<br>Корупциянын алдын алуу боюнча комиссия,ФЭБ, соц.болум,юрист айыл башчылар | Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын расмий сайттарында алардын иши жөнүндө "Коррупцияга каршы аракеттенүү" атайын бөлүгүн маалыматтык толтурууну актуалдаштыруу аркылуу коррупцияны алдын алуу жаатындагы иштер жөнүндө маалыматтарды жарыялоо чараларын көрүү. Мобилдик тиркемелер ишке киргизилип, | | Мүмкүнчүлүгүнө жараша |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | мүмкүндүгү камсыз кылынды | | |
| 4 | Коопсуздукту башкаруу системасын автоматташтыруу жана өнүктүрүү | Калктуу конуштардын коомдук жерлеринде укук бузуулардын жана кылмыштуулуктун алдын алуу маселелерин караган географиялык камтууну жана функционалды кеңейтүү менен "Коопсуз шаар" долбоорун ишке киргизүүнү улантуу | 2025-2027-жылдар Корупциянын алдын алуу боюнча комиссия,ФЭБ,Соц.болум,айыл башчылар,юрист, Барпы аймактык милиция болуму | "Коопсуз шаар" долбоору географиялык камтууну жана функционатын кецейтууде | | Республикалык жана жергиликтүү бюджеттер. Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары |
| **4-глава. Стратегияны шике ашыруу механпзмдери** | | | | | | |
| 1 | Стратегияны ишке ашыруу | Коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча стратегиялык ыкмаларды жана багыттарды камтыган. ушул Иш-чаралар планынын биринчи этабын ишке ашыруу механизмдсрин камсыз кылуу | 2025-жылдын I квартаны Корупциянын алдын алуу боюнча комиссия,ФЭБ, юрист | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жыл сайын Стратегиялык иш-чаралар планын ишке ашырууну камсыз кылуучу иштин багыттары боюнча деталдаштырылган коррупцияга каршы пландуу иш-чаралар бекитилген | | Мүмкүнчүлүгүнө жараша |
| **5-глава. Стратегияны ишке ашыруу процесстерине мониторинг жана баалоо жүргүзүү** | | | | | | |
| **1** | Стратегияны ишке ашыруу процессине системалуу мониторинг | Сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдү эске алуу менен коррупцияга каршы | 2025-2027-жылдар (жыл сайын) | Жыл сайын, отчеттук жылдан кийинки жылдын | | Мүмкүнчүлүгүнө жараша |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | жана баалоо жүргүзүү | иш-чараларды ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө отчетту даярдоо | Корупциянын алдын алуу боюнча комиссия,ФЭБ, юрист,соц болум,тиешелүү мекеме ишканалар | 15-январынан кечиктирилбестен, жооптуу аткаруучулар тарабынан стратегиядан келип чыккан ушул Иш-чаралар планын ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө отчеттор Сузак райондук мамлекеттик администарциясына берилет | | |

Барпы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн коомдук коопсуздук боюнча башкы адиси Ш.К.Султанов